Сага мен качан үйлөнөм..? (Өзүмө ант)
С: Эрлан Жумагазиевдики
О: Догдурбек Акималиевдики

Азапка түшүп күндө мен,
Артыңдан калбай сүйрөлөм.
Антташып сага түбөлүк,
Айтчы, мен качан үйлөнөм?

Кайырма:

Сезимге салдың дүрбөлөң,
Сенчелик эч ким сүйбөгөм.
Каалагын, мейли каалаба,
Карап тур сага үйлөнөм!

Ободо турат Күн деген,
Отуна жоктур күйбөгөн.
Жалынга далай кактадың,
Жалжалым, сен да Күн белең?!

Кайырма:

Акылга салып дүрбөлөң,
Азапты башка үйбө жөн.
Өмүрлөш жарым болбосоң,
Өзүңсүз кантип күн көрөм?

Кайырма: